**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**НАРЫН АЙМАКТЫК**
**ШАЙЛОО КОМИССИЯСЫ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**НАРЫНСКАЯ ТЕРРИТОРИАЛЬНАЯ**
**ИЗБИРАТЕЛЬНАЯ КОМИССИЯ**

722600, Кыргыз Республикасы, Нарын шаары, Ленин көчөсү 74
E-mail: adm21@shailoo.gov.kg
Тел. (03522) 5-23-75

722600, Кыргызская Республика, город Нарын, ул. Ленина 74
E-mail: adm21@shailoo.gov.kg
Тел. (03522) 5-23-75

**19.10.2024-ж.** **Нарын шаары**

**Нарын аймактык шайлоо комиссиясынын**
**ЧЕЧИМИ №** 11

**Нарын облусунун Нарын районунун Миң-Булак айылдык кеңешине талапкер Д.Абдрахманованын вотсап аркылуу жиберген маалыматы боюнча кароо жөнүндө.**

**Катышкандар:** Нарын аймактык шайлоо комиссиясынын төрагасы А.Исмаилов, С.Саадакеева – катчысы, мүчөлөрү: Т.Жанеков, Р.Солтонкулова, У.Өмүралиев, Р.Эсенбеков, Ч.Идирисова, Г.Мамбетакунова

Маалыматта айтылган жарандар А.Жамангулов жана айыл башчы А.Касымбаев

2024-жылдын 16-ноябрында Нарын аймактык шайлоо комиссиясына Миң-Булак айылдык кеңешине депутаттыкка талапкер Д.Абдрахманованын вотсап аркылуу суроо берген аудио кайрылуусу Борбордук шайлоо комиссиясынын кызматкери С.Океев тарабынан териштирип кароого сунушталып жиберилген. Аудио кайрылууда Кыргыз Республикасынын жергиликтүү кеңештеринин депутаттарын шайлоо жөнүндө мыйзамынын 1-1-беренеси боюнча “Жарандарды шайлоого катышууга же катышпоого мажбурлоо максатында аларга, ошондой эле алардын өз эркин билдирүүгө таасир этүүгө эч кимдин укугу жок” деген беренси бузулуп жаткандыгынан кабар берген маанидеги суроо берилген.

Бул маалыматты териштирүүдө талапкер Д.Абдрахманова мыйзам бузуу болгондугун аныктап арыз берүүдөн баш тарткан.

2024-жылдын 19-октябрында АШКнын отуруму болуп, анда талапкер катышуудан баш тарткандыктан аудо кайрылууда белгиленген Миң-Булак айылдык кеңешинин мурунку төрарагсы А.Жамангулов жана айыл башчы А.Касымбаевдан түшүнүктөр алынган. (тиркелет) Алар өз кезегинде айыл ичинде мурдагы депутаттарды чакырып кандай иштер аткарылды отчет берүү боюнча жыйын кылып татыктуу депутаттарды шайлоо керектиги боюнча жыйынга чакырып, бирок жыйынга эч ким келбей эч кандай жыйын болбогонун билдиришти жана эч кимге тоскоолдук кылуу максаттары жок экенин айтышты. (түшүнүктөрү тиркелет)

Ошону менен бирге АШК тараптардын жүйөлөрүн угуп, төмөнкүлөрдү белгилейт.

“Жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоо жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 1-1-беренесинин 1-пунктуна ылайык: *“Кыргыз Республикасында жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоо бирдей жана тикелей шайлоо укугунун негизинде жашыруун добуш берүү менен жүргүзүлөт. Кыргыз Республикасында шайлоо республиканын жарандарынын өз шайлоо укуктарын эркин жана ыктыярдуу жүзөгө ашырышына негизденет. Жарандарды шайлоого катышууга*

*же катышпоого мажбурлоо максатында аларга, ошондой эле алардын өз эркин билдирүүгө таасир этүүгө эч кимдин укугу жок"*

Жогоруда айтылгандарды эске алуу менен, АШК шайлоочулар А.Жамангулов жана А.Касымбаевдердин иш-аракетинен шайлоону өткөрүүдө шайлоо укуктарынын бузууларынын белгилерин көрбөйт.

Жогорудагылардын негизинде, "Жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоо жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 1-1-беренесин, "Кыргыз Республикасынын шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча шайлоо комиссиялары жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 20, 21-беренелерин, Борбордук шайлоо комиссиясынын 2020-жылдын 11-февралындагы № 41 токтому менен бекитилген Шайлоо комиссияларынын укук бузуулар жөнүндө иштерди кароонун тартиби тууралуу жобосун жетекчиликке алып,

Нарын аймактык шайлоо комиссиясы,

**ЧЕЧИМ КЫЛАТ:**

1. Д.Абдрахманованын ооз эки кайрылуусу боюнча шайлоо укуктарын бузуу аныкталбагны белгиленсин.
2. Миң-Булак айылынын тургундары А.Жамангулов жана А.Касымбаевге шайлоо мыйзамдарын так сактоо жагы эскертилсин.
3. Бул чечимдин аткарылышын контролдоо аймактык шайлоо комиссиясынын катчысына жүктөлсүн.
4. Бул чечимдин көчүрмөсү Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясына жөнөтүлсүн.

МАКУЛ - 8 КАРШЫ – 0.

| | | |
|---|---|---|
| **Нарын аймактык шайлоо комиссиясынын төрагасы** | **(кол тамгасы)** | **А.Исмаилов**<br>**(Ф.А.А.)** |
| **Нарын аймактык шайлоо комиссиясынын катчысы** | **(кол тамгасы)** | **С.Саадакеева**<br>**(Ф.А.А.)** |

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ НАРЫН АЙМАКТЫК ШАЙЛОО КОМИССИЯСЫ НАРЫНСКАЯ ТЕРРИТОРИАЛЬНАЯ ИЗБИРАТЕЛЬНАЯ КОМИССИЯ КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА